# Протокол.

№10 Мукай Элебаев жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы ата - энелер чогулушу.

21.02.2022 - жыл

М. Элебаев
орто мектеби.

Катышкандар: ата - энелер, мугалимдер жамааты, Түп райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери, айылдык мечиттин имамы, айылдык депутаттар, соц. коргоо кызматкери.

Каралуучу маселе:

1. 2021 - 2022 - окуу жылындагы окуу - тарбия иштериндеги жетишкендиктер.
(алтын тамгага даярдык, райондук олимпиаданын жыйынтыгы.)

2. Мектептеги тартип - тарбия иштери.

3. Ар кандай маселелер.

Угулду. Биринчи маселе боюнча мектептин директору Муратова Н. Б 2021 - 2022 - окуу жылындагы окуу - тарбия иштериндеги жетишкендиктер боюнча толук кулдорго токтолду.
Урматтуу ата - энелер өткөн окуу жылында биздин мектепте көптөгөн

оңдоп – жасоо иштери болду.
Мисалы: Мектептин кире беришиндеги чатыр, брусчатка төшөлдү, экинчи этаждагы актовый залдын ремонту, башталгыч класстын сырткы короосу жасалды, ток өткөргүчтөрү жасалды. Мектептин 100 жылдыгынын алкагында өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө маалымат берди.
Биздин мектептен „Алтын тамга" сертификатына 11$^{б}$ класстын окуучулары Анаркулова А, Турапбекова С, Амангелдиева А даярданып жатышат.
Ата - энелер балдарыңыздардын мектептеги окуу - тарбия иштерине кайдыгер карабай салымыңыздарды кошосуздар деп ойлойм.
2 - маселе боюнча мектептин соц. мугалими Замирбеков Рысбек төмөнкүлөргө токтолду.
Урматтуу ата - энелер биздин мектептин окуучулары менен окуу - тарбия иштерин жүргүзүү абдан оор болуп калды. Анткени окуучулар сабакка кечигип келишет, формалары жок, өздөрүн мектепте тартиптүү алып жүрө алышпайт.
Азыр сиздерге биздин окуучулардын

күчү менен тартылган рекетчилик боюнча кыска метраждуу фильмди тартуулашты.
Андан кийин „Тарбиянын уюткусу үй бүлөө". деген темада Тиленбаева Б. Ж доклад окуду. Ата эне, мектеп, үй бүлө туурасуу эң сонун идеяларын айтып берди. Урматтуу ата - энелер сиздерден суранаарым коомго пайдалуу ишмердүү балдарды тарбиялаңыздар.
Мугалим баланы тарбиялоодо көптөгөн мисалдарды, далилдерди айтып берди.
Ушул эле темада Түп районунун ички иштер бөлүмүнүн балдар менен иштоо инспектору милициянын улук лейтенанты Мукамбетов Ч. Б томонкулорго токтолду.
Урматтуу, ата - энелер эмне үчүн балдарыңыздарга көзөмөл кылбайсыңар. Балдарыңар түнкүсүн көчөдө максатсыз басып жүрушот, ошол учурда ар кандай кылмыш туулукка барып жатышат. Жакында эле темир уурдоо фактылары катталып жатат. Ата - энелер сиздер уулдарыңыздарга көзөмөл кылып, кайда басып - тургансыңа кызыктар болсоңор мындай болмок эмес
Мындан кийин $8^{00}$ кийин көчөдө максатсыз, топтошкон балдар

кармаса, мыйзам чегинде ата-энесине 1000-5000 чейин айып пул салынат. 5

Андан соң ушул эле темада айылдын участкалык милициясы милициянын подполковниги Турдумамбетов К.

Урматтуу ата-энелер жогорудагы балдар тарткан кино-тасма күндө болуп жаткан көйгөйлөр. Кээ бирөөлөр күлүп жатасыздар, темир уурдоо, балдарга налог салуу күндө болуп жатат. Бул көйгөйдү чечүү үчүн ата-энелерден турган түнкү рейддерди уюштурууну сунуш кылам.

Ушул эле темада Талды-Суу айыл окмотунун соц. кызматкери Ордобаева Г.О. ата-энелер балдарыбыздын жаркын келечеги үчүн баарыбыз биргеликте аракет кылып жардам берели. Чындыгында балдардын тартиби бузулуп ата наркы менен таалим албай, телефондон тарбия алып калышты. Ата-энелердин түнкү рейдине мен да кошулам.

Ушул темада айылдын имамы Нурлан. Биз дагы балдардын тартибине, жүрүш-турушуна көз салабыз. Ыйман берсин балдарга. Мечитке келген балдарга уурулук кылба, ушак айтпа, тартиптүү бол деп насаат айтабыз.

Бирок кечкисин үйүнө мечитке кеттим дешет экен. Ата-энелер балдар мечитке деле келбейт, бул болгонун шылтоо.
Жарыш сөзгө мектептин мугалими Куленбекова Д. Д. Урматтуу ата-энелер эмне үчүн балдарыңарга окууга жардам бербейсиңер, окуучулар такыр эле окубай калышты.
Үй тапшырма аткарышпайт, эмнеге деп сурасаң, жетишпей калдым же болбогон жокмун дешет. Ата-энелер бир кызыгып кой соңор балдарыңарга. Кийин үзүрүн силер эле көрөсүңөр.
Чогулуштун соңунда мектептин ата-энелер комитетинин төрагасы Кебекбаев О.К. үй бүлөлүк шартына байланыштуу, башка шаарга иштеп кеткендигине байланыштуу ордуна ата-энелер комитетинин төрагасына Эрнек Садыровичти сунуш кылышты.
Мектептин директору Муратова Н. Б 2-чейректе ата-энелердин сабакка катышуусун баштадык эле, ушул иш-чараны кайра жандантып, балаңыздар үчүн убакыт таап, келип сабактарына катышыңыздар.

Урматтуу ата-энелер үйдө болобу, башка жайда болобу балдарыңардын көзүнчө мугалимдер жөнүндө жакшы сөзүңүздөрдү аябаңыздар. Жогорудагыларды угуп, талкуулап ата-энелер чогулушу төмөнкүдөй чечим кылат.

Чечим:

1. Кечкисин ата-энелерден турган рейддер түзүлсүн. Ата-энелер комитетинин төрагасы жана ар бир класстын ата-энелери милдеттендирилсин.
2. Темир кабыл алуу жайларында, мектеп жашындагы балдардан темир сатылып алынбасын, көзөмөлдөө жагы айылдык депутаттарга милдеттендирилсин.
3. Жаңы окуу жылына бирдиктүү форма киргизилсин, ар бир окуучунун ата-энесине милдеттендирилсин.
4. Ар бир класстын ата-энелери, балдарынын сабактарына кезек менен келип катышышсын. Көзөмөлдөө ар бир ата-энеге, класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
5. Ата-энелер комитетинин төрагасына Момытов Э.С, жардамчысы болуп Апсеметова С.Ч шайланышсын.
6. Чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө мектептин директору Муратова Н.Б жүктөлсүн.

Мектептин директору: Муратова Н. Б

Ата-энелер комитетинин төрагасы: Мамытов Э.С.

Катчы: Омурбекова А. Ж.